**Усулдук бирикмелер арасында**

**Баткен областы, А.Жоробаев ОМ**

**Мугалим: Режепали кызы Насиба**

# “Брейн-Ринг”интеллектуалдык таймашы

**Максаты:**

**Билим берүүчүлүк:** Катышуучулардын  ар кандай сабактарга кызыгуусун арттыруу, алган билимдерин ар кандай кырдаалдарда пайдаланууга мүмкүндүк берүү.

**Өнүктүрүүчүлүк:**Катышуучулардын  интеллектуалдык  жана стандарттык эмес ой жугүртүүсүн өнүктурүү

**Тарбиялык:**Командада иштей билүүгө, бирөөнүн оюн уга билүүгө тарбиялоо.

Сабактын формасы: класстан тышкаркы

Сабактын ыкмасы: таймаш

Катышуучулар: А.Жоробаев атындагы орто мектебинин мугалимдери

**Ресурстар:**таркатма материалдар, ноутбук, телефон, акылдуу доска.

**Таймаштын жүрүшү:**

1.Киришүү, оюндун эрежеси, максаттары менен тааныштыруу(5 мин)

2. Командалардын саламдашуусу,өзүн-өзү тааныштыруусу(3 мин.)

1.1-тур: суроо-жооп (32 суроо)

2. 2-тур:предметтик суроолор. Категория тандалат (Ч.Айтматовдун чыгармалары, химия, кыргыз тили,биология, тарых, география, математика.)

3. 3-тур.Логикалык суроолор.

4. 4-тур: Блиц-суроолор.(Капитандар таймашы)(Ооба-жок, Кыргызстан, “К” тамгасы)

5. 5-тур:“Сыр сандык”

6. 6-тур:4 сүрөт 1 жооп

7.Жыйынтыктоо

**Оюндун жүрүшү**

1.Саламатсыздарбы урматтуу жана ардактуу биздин коноктор,мугалимдер .

Ар бир нерсени колдонууда өзунун маданияты болот. Маданият демекчи, бул элдин материалдык жана рухий байлыгы дегендей, Биз билим алууда да акылыбызга туура маалыматтарды кабыл алып, туура багыт алуубуз эң зарыл. Антпесе биздин руханий байлыгыбыз төмөндөп, акылыбызды туура эмес пайдаланып, акылдын эмгегибиз оорлошушу

мумкун экен. Ошондуктан бугункү таймашта да өзунуздөрдүн билимиңиздерди сынап, акылыңыздарга керектүү маалыматтарды аласыздар деген үмуттөтмүн.

Билим гана адамды эркин жана бийик кылат.

**2) “Брейн-Ринг” оюнунундагы биздин негизги максаттар:**

Катышуучулардын ар кандай сабактарга кызыгуусун арттыруу, билимдерин ар кандай кырдаалдарда пайдаланууга мүмкүндүк берүү.

Катышуучулардын интеллектуалдык жана стандарттык эмес ой жугүртүүсүн сыноо;

Командада иштей билүүгө, бирөөнүн оюн уга билүүгө көнүгүү.

2) “Эрежесиз оюн болбойт”демекчи,эрежелер менен таанышып алсак.

**Оюнда 6 тур менен өтөт.**

1.Алгач командага ат коюп, анын маанисин түшүндүрө кетүү . Ал үчүн 1 минута убакыт берилет, бул үчүн упай берилбейт. (Айтматовдун чыгармаларынан)

2. Суроону аягына чейин угуп, анан жооп берүү.

3.Жооп даяр экенин билдирүү үчүн алдыңыздагы барабанды уруу керек. Барабанды капитан гана чабат.

4.Командадан бир жооп кабыл алынат, ошондуктан кеңешип жооп беребиз.

5.Ойлонууга 30секунда убакыт берилет.

6.2 –турда (“Предметтик суроолор”) туура келген предмет боюнча туура келген команда гана жооп берет.10 суроого жооп бергенге 2 минута берилет. Эки минутанын ичинде болушунча 10 суроого жооп берүүго аракеттенүү керек.

7.Блиц суроолорго капитандар гана жооп беришет. 1 минута берилет.Болушунча тез жооп берүүгө аракеттенүү керек.Айтматов боюнча

8. Ар бир туура жооп үчүн 1 упай берилет.Аны жюрилер коёт.

5.Подсказка(Кыргызча?) болсо, суроо алынып ташталат.

6.Ар кандай талаш-тартыш маселелерди жюрилердин ой-пикирин угуу менен төрага(_____________)гана чечүүчү болуп эсептелинет. Жюрилердин .1-тур. суроо-жооп (40 суроо)

7. Упайды жюрилердин төрайымы же төрагасы койот.

Анда эмесе, урматтуу катышуучулар, оюнду баштоо алдында жюрилер менен таанышып алсак. Тааныштыруу үчүн сөздү ____________________берели. Андан соң оюнду баштасак.

1.Командаларга ат коюу жана маанисин түшүндүрүүгө 1 минута убакыт берсек.

Командалар даяр болсоңуздар сөз сиздерде. Команданын атын чечмелеп берсеңиздер. (Үч бурчтук кагаз жасоо)

**1-тур Жалпы кругозордук суроолор.**

1. Деңиз саякаты эмне деп аталат (Круиз)

2. Электр лампочкасындагы цифралар эмнени билдирет? (Кубаттуулугун)

3. АКШ биринчи президенти ким (Джордж Вашингтон)

4. Өлкө тышында уюлдук байланышты колдонуу эмне деп аталат? (Роуминг)

5. 7 музыканты  бар топ кандай аталат? (септет)

6. Бул кишинин аты ким? (Уолт Дисней-белгилүү мультипликатор, режиссёр жана сүрөтчү) Сүрөт керек.

7.  Юридикалык билимдердин мекени болуп кайсы өлкө саналат? (Байыркы Рим)

8. Бүткул дүйнөлүк театр күнү жаз айларынын  кайсы күнү белгиленет?  (27-март, Бул кун 1961-ж.Эл аралык театр институтунун  9-конгресинде бекитилген жана "Театр, элдердин ортосундагы өз ара түшүнүшүүүн жана тынчтыкты чыңдоонун каражаты" деген ураан астында өткөрүлөт. )

9.Үч буроо, жалгыз тээк үч кыл комуз, чертилбейт күүгө келбейт чебер колсуз" демекчи кийинки суроо комуз күүсү жөнүндө. (Күү коюлат. Колонка) Силер уккан күү кандай аталат? (Сынган Бугу –Камбаркан Карамолдо Орозов.)

10. Валютада коргоо элементин эмне деп айтабыз (голограмма)

11.Футбол боюнча биринчи дүйнөлук турнир кайсы шаарда болуп өткөн? (Монтевидео – Уругвай )

12. ООНдун биринчи секретары ким болгон? (Трюгве Ли 1946-1953)

13. Дүйнөдөгү эң чон аэропорт (1. Хартсфилд-Джексон Атланта)

14. Телефондо сүйлөшүп жаткан  адамды ким дейбиз (абонент)

15. Дүйнөдөгү эң чоң шаар (Чунцин -Китай - 82 400 км²)

16. Бул мөмөнүн аты эмне деп аталат? (Сүрөт керек) (Кивано-бул экзотикалык мөмө, Африкада өсөт. Сыртынан өтө бышып кеткен бадыранга окшош, башкача аталыштары: ложнаяангурия, рогатая дыня, милано, африка бадыраңы. Даамы кычкыл-ширин.  )

17. Кайчыны ким ойлоп тапкан? (Леонардо да Винчи)

18.Барак Обама АКШнын  канчанчы президенти болгон? (44 президенти) .

19. Кыргызстандын эң бийикте жайгашкан көлү эмне деп аталат? (мерцбахер)

20. Учактын дөңгөлөгү эмне деп аталат? (шасси)

21. ЕСтин  составында канча өлкө бар? (27, Финляндия, Эстония, Латвия, Литва, Польша, Чехия, Словакия, Венгрия, Румыния, Болгария, Хорватия, Словения, Швеция, Дания, Ирландия, Германия, Австрия, Бельгия, Люксембург, Франция, Италия, Испания, Португалия, Греция,Нидерланды, Кипр, Мальта )

22. Тамекинин мекени кайсы жер? (Америка)

23. Китеп басып чыгарууну ким ойлоп тапкан? (15-кылымдын ортосунда немец  улутундагы Иоганн Гутенберг,ал металл тамгаларды ойлоп таап, аны китепке басууну ойлоп тапкан. )

24. Кыргызстанда алгачкы көчмөндөр оюну канчанчы жылы  болгон.(2014-ж.)

25. Бул эмне жана кайсы уюмга тиешелүү? (Сүрөт керек ) (желек, БУУга)

26.”Керемет көч” кыргыз анимациялыксериалын баарыбыз билебиз. Ошол сериал канчанчы жылдан баштап телеэфирге чыга баштаган? (2006-жылдан баштап, Теледолбоордун ээси БУУ, ЮНИСЕФ, долбоордун идеячы Улан Дубанаевдики.)

27. “Курдаш” журналынын башкы редактору ким?(Т.Баймурадов)

28. Бүткул дүйнону каптаган оору Ковид-19 оорусун баарыбыз билебиз. Суроо: КОВИД деген сөздү чечмелеп бериңиздер.(Корона Вирус Дизисес-Corona virus diseases-деп англис тилинен алынган сөздөрдүн Корона –ко , вирус –ви, дизисес деген сөздон д тамгасы алынып ковид деген сөз келип чыгат.)

29.“Манас” эпосунун 1000 жылдык мааракеси канчанчы жылы белгиленген.? 1995-ж.

30. Кыргызстанды бүткүл дүйнөгө тааныткан балбан кыз Мээрим Жуманазарова канчанчы жылы туулган? (9-ноябрь, 1999-ж.) (Талас областы, Бакай-Ата району.(учурда 22 жашта.)

31. Ак кеме киносундагы Момун чалдын ролун ким аткарган? (Асанкул Куттубаев.)

32.Швейцария дүйнөгө эмнеси менен да белгилүү? (Саат)

33.Вотсап тиркемеси биринчи жолу канчанчы жылы чыгарылган. (2009-ж. февральда.)

**2-турпредметтик суроолор (атайын командалар үчүн.)**

**Кыргыз тили.**

1.Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү (толуктооч, бышыктооч, аныктооч)

2. Этиштин канча ыңгайы бар? (___________________)

3.Синоним деп эмнени айтабыз?

4. Сан атоочтун маанисине карай  канча түрү бар? 6

5. -дан мүчөсү кайсы жөндөмөнүн мүчөсү?(чыгыш)

6. Айтылыш максатына карай сүйлөм канчага бөлунөт.(4)

7. Ат атооч маанисине карай канчага бөлүнөт(6)

8. Омоним сөздөр-бул(жазылышы бирдей, бирок мааниси ар түрдүү сөздөр)

9. Сөз түркүмдөрүн грамматиканын кайсы бөлугү үйрөтөт (Морфология)

10. Монолог кайсы тилден кирген жана эмнени түшундүрөт? (грек тилинен бир сөз дегенди түшундүрөт)

11. Кептин түрлөрү кайсылар (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү)

12. Уу тырмак -деген фразеологизмдин мааниси эмнени тушүндурөт мыкаачы, зулум, канкор. Мисалы: алардын ордун уу тырмак Калпа ээледи.)

13.Кыргыз тилинде канча созулма үндүү бар (6)

25. Сан атооч маанисине карай канчага бөлүнөт(6)

26. Абайла деген создун синоними (Этиятта, аярда)

27. Биттин ичегисине кан куйган деген фразеологизм эмнени түшундүрот? (эпчил, акылдуу, куу)

**ХИМИЯ**

1.Эн күчтүү кислоталар кайсылар  (күкүрт кислотасы,туз кислотасы)

2.Кычкылтектин башка заттар менен аракеттенүү реакциясы (кычкылдануу)

3.Мезгилдик системада канча мезгил, канча группа бар? (7 мезгил 8 группа)

4.Жездин атомдук массасы канчага барабар? (64)

5.Менделеев канчанчы жылы төрөлгөн? (1834-ж.)

6.Жаратылышта кубулуштар канчага бөлүнөт? (3кө)

7.Электр өткөрүмдүүлүгү эң жогорку болгон элемент кайсы ? (алтын)

8.Медицинада колдонулуучу спирт  эмне деп аталат? (этанол)

9.Эн женил металл (литий)

10.Эн катуу металл (осмий)

**БИОЛОГИЯ**

1. Фотосинтез процесси кайсыл убакта жүрөт (жарыкта)

2. Адамда канча сөөк бар? (200дон ашык)

3. Бакалар туздуу сууда жашай алабы? (жок)

4. Жоон ичегинин жалпы узундугу(1,5 м)

5. Микология деген эмне? (козу карындар жөнундө илим)

6. Орган деген эмне? (дененин бир бөлугү)

7. Эң чоң артерия эмне деп аталат? (Аорта)

8. Эн чон учуучу канаттуу (Дрофа же кори)

9. Эң тез чуркоочу жаныбар (Гепард)

10. Клетка жөнундө илим эмне деп аталат? (Цитология)

**ТАРЫХ**

1. Кыргыздын кайсы уруусу биринчи болуп Россиянын курамына кирген? (Бугу)

2.Уруулук коом деген эмне? (жалпы мулкү бар, чогуу жашап жана эмгек кылган туугандар)

3. Полот Хандын өз аты ким? (Исхак Хасан уулу)

4.Улуу Жибек Жолу кайсы кылымда негизделген? (2 кылымда)

5.Биринчи кыргыз тарыхчысы ким? (Б.Солтоноев)

6.Ата-Бейит мемориалдык комплекси канчанчы жылы ачылган? (2000)

7.Атаке баатыр ким болгон? (Чүй өрөөнунун сары багыш уруусунан чыккан бий)

8. Анжиян көтөрүлүшү качан болгон? (1898)

9.Алымбек Датканын атасынын аты ким болгон? (Асан бий)

10.Кыргызстанда совет бийлиги алгач кайсы жерде орногон? (Сүлүктү,Кызыл-Кия)

11.Кант, сан,шахмат алгач кайсы жерде ойлоп табылган? (индия)

**Математика**

1. Сандын үчүнчү даражасы  эмне? (куб)

2.10 санын нолгө кобөйтсө канча (Нөл)

3. эн чөң беш орундуу сан? (99999)

4.6 жерде жети канча (42)

5. кошуунун  жыйынтыгы эмне (сумма)

6. функциянын графиги эмне деп аталат? (парабола)

7.кемитүүнун жыйынтыгы (айырма)

8.10 бөбөктүн кулагы канча кулак болот? (20)

9. оң жана терс сандарды кайсы сан бөлүп турат? (0)

10. бөлүүчү боло албаган сан (0)

11. Геометрия деген сөз эмнени түшүндүрөт? (жерди өлчөө)

12. гипотенуза катеттен чоң боло алабы?(жок)

13. Тик бурчтуктун аянты эмнеге барабар? (axb)

14. 1дм канча см бар (10 см)

15. башы жана аягы бар геометриялык фигура (кесинди)

16. метрдин 100дөн бири(1 см)

17. параллель түз сызыктарда канча кесилишкен точка бар? (жок)

18. Үч бурчтуу баш кийим эмне деп аталат? (жолук)

19. Эгерде барабар томпок төрт бурчтуктун карама- каршы эки жагы жана параллель болсо, анда ал эмне болот.( параллелограмм)

**География**

1. Дүйнөдөгү эң бийин тоо (Гималай)

2. Азербайджан өлкосунун борбор шаары (Баку)

3. Атмосфера басымын өлчөөчү прибор. (Барометр)

4. Дүйнө жүзүндөгү эң терең көл (Байкал)

5. Эң кичине материк (Австралия)

6. Кыргызстандагы эң суук өрөөн (Ак сай)

7. Картада чөлдөрду кайсы тус менен белгилейт (сары)

8. Нефтинин мекени болгон өлкө (Сауд аравиясы)

9. Дүйнөнун картасын биринчи жолу ким тузгөн(Эратосфен)

10. Тынч океан деп ким ат койгон? Фернан.Магеллан.

11. Дүйнө жузундөгү эн  туздуу деңиз (Кызыл деңиз)

12. Экватор сызыгын эки жолу кесип откөн дарыя (Конго)

**3-тур.Логикалык суроолор.**

1. Эки күн катарынан жамгыр жаашы мүмкүнбү? (Жок. Себеби эки күндүн ортосунда бир түн бар)
2. Кандай учурда биринчи дүйшөмбү эмес бейшемби кун келет. (алфавит тартиби боюнча иреттегенде. )
3. Адам анын иштегенин каалайт. Бирок, иштеген кезде ачууланып өчүрүүгө шашылат.(будильник)
4. Мейманканада 7 кабат бар. Биринчи кабатта төрт адам жашайт. Ар бир кийинки кабатта алдыңкысына караганда 2 адамга көп. Лифтти эң көп чакырган кайсы кабаттын жашоочулары? (Биринчи)
5. Россия, Казакстан, Монголия, Кыргызстан, Тундүк Корея, Тажикистан, Вьетнам, Афганистан, Пакистан, Лаос, Непал, Мьянма, Бутан,Индия,. Бул өлкөлөрдү эмне бириктирип турат?  (Кытай, алардын баары Кытай менен чектеш.)

**4-тур. (капитандар таймашы.) “К” тамгасы**

1. Жусуп Баласагындын көрүнүктүү чыгармасы. (Кут билим)
2. Салмактын бирдиги (кг)
3. Бардык жактары барабар болгон фигура (Квадрат)
4. Угуу органы (Кулак)
5. Мээге акыл киргизген (Китеп)
6. Даражадагы 3 эмне деп аталат (Куб)
7. Химия—физиканын оң колу, математика анынэмнеси (Көзү)
8. Манастынканчачоросуболгон (кырк)
9. Ч. Айтматов жазганчыгарма (Кызыл алма)
10. Айгүл гүлү кандай китепке кирген (Кызыл китепке)
11. Тик бурчтуу үч бурчтуктун 1 гипотенузасы , 2 эмнеси бар (Катеттери)

12. Градустукчени $90^0$ тан чоң, $180^0$ тан кичинеболгонбурч (Кең бурч)

13. 5-май кандайкүн (Конституция күнү)

14. Бизгежакынжайгашканжылдыз (Күн)

15. Төрөлгөн наристегеберилет (Күбөлүк)

16. Китептерсакталуучужай (Китепкана)

17. Улуттукаспап (Комуз)

18. Манастынжубайы (Каныкей)

19. Денебиздеайланып жүргөн суюктук (Кан)

20. Жумуштунаткарылуутездиги (Кубаттуулук)

**Чынгыз Айтматов**

1. Чынгыз Айтматовдун кесиби (зоотехник)
2. Чынгыз Айтматовдун карындашынын аты ким (Роза Айтматова)
3. Чынгыз Айтматовдун акыркы чыгармасы (Тоолор кулаганда)
4. Ч.А.биринчи чыгармасы (Гезитчи Дзюо)
5. Ч.А. атасынын аты ким?(Төрөкул Айтматов)
6. Ч.А.апасынын аты ким (Нагима Айтматова)
7. Чынгыз Айтматов  жылы деп кайсы жыл аталган (2008-ж.)
8. ЧА өмурунүн акырында кайсы кесипти аркалаган (элчи)
9. ЧА "Элдердин достугу" ордени менен канчанчы жылы сыйланган (1998)
10. "Жамиля" повести жөнүндө: "Махабат жөнүндө эң сонун баян" деп кайсы француз жазуучусу айткан? (Луи Арагон)

    **ООба-жок.**

    1. Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги 1989 –жылы түзүлгөнбү?жок
    2. Мамнастын кырк чоросунун эң кичүүсү Шуутубу?_жок
    3. Чынгыз Айтматов "Тоолор жана талаалар" чыгармасы үчүн Лениндик сыйлыкка ээ болгонбу?ооба
    4. Ливия европадагы мамлекетпи ? жок
    5. "Манас"аэропорту 1974-жылдан баштап иштегенби?ооба
    6. Бишкекте биринчи болуп АКШ мамлекетинин элчилиги ачылганбы? ооба
    7. Жумамудүн Шералиев режиссербу? ооба
    8. Сагынбай Орозбаков "Манасты" биринчи жолу агасы Алишерден укканбы? ооба
    9. Кыргызстанда алгач кызыл профессор наамын алган Абдыкерим Сыдыковбу?  ооба
    10. Кыргызтандагы эң узун дарыя талас  дарыясыбы? Жок
    11. Бубүсара Бейшеналиева Актрисабы (жок)
    12. Электрондор малекуладан чонбу? (жок)
    13. Ырчы Бек Борбиев Баткенден болобу? Жок.
    14. Адамдын чачы кыркылганда крарып өсобу ? жок

    **5-тур**

**Сырдуу сандык**

1. Көңүл буруңуз! Сырдуу сандык! Сандыктын ичиндеги буюмга окшош буюмдун жардамында француз окумуштуусу Бюффон күмүштү эриткен. Ал эми байыркы Грецияда аны согуш учурунда кемелерди өртөөдө пайдаланышкан. Садыктын ичинде эмне бар? (линза)

2. Көңүл буруңуз! Сырдуу сандык! Бардык тирүү организмдер клеткадан тураарын биз билебиз. ал эми адам баласы тамак-ашка колдонуучу абдан чоң клетка бал. Ал азыр сандыктын ичинде? Ал эмне? (жумуртка)

3. Көңүл буруңуз! Сырдуу сандык! Сандктын ичиндеги нерсенин качан пайда болгону белгисиз. Бир философтун айтымында, анын бешенесинде жалгыз көзү бар. Бирок аны жетелеп жүрбөсө өзү баспайт. Бул буюм адамдардын кийим кийүүсүнө себепкер, бирок озү кийинбейт. Сандыкта эмне бар? (ийне)

4. Көңүл буруңуз! Сырдуу сандык! Сиз куз айларында Францияга барып калып, ресторанга тамактанганы кирсеңиз, сизге чоң тарелкага жүзүм жана аны жегенге керектүү дагы бир нерсе алып келип беришет. Ошол нерсе азыр сырдуу сандыкта турат. Эмне? (кайчы).

5. Көңүл буруңуз! Сырдуу сандык!1995-жылы 11-февраль күнү Ворд Хант аралынан эки адамдан турган орус-канадалык экспедиция Тундүк уюлга старт алган. Экспедиция өкүлдөрү өздөрү менен бирге жалпысынан 488 кг.салмакка барабар болгон жүкалышкан. Анын 440 кг.азык-тулүк түрүндө болуп, ал эми 48 кг болсо, тамак-ашка тиешеси жок нерселер болгон. Сырдуу сандыкта 48 кг салмакты тузгөн 6600 даана нерседен бирөө бар. Бул нерсе биз үчүн жаңылык эмес. Сандыкта эмне бар? (даарат кагазы)

6.Көнүл буруңуз! Сырдуу сандык! Сырдуу сандыктын ичиндеги буюмду 1858 –жылы Америкада Гюмен Лимпан деген адам ойлоп таап, бул үчүн жүз миң доллар гонорарга ээ болгон. Бирок кийинчэрээк эл арасында бул ойлоп табуу эмес эле, эки карама-каршы функциялуу нерселердин бирикмеси деген сын-пикир жаралып, жалагалса, Лимпанды гонорарды ээсине кайтарып берүүсүн талап кылгандар даболгон. Бүгүнку күндө бул нерсе биздин жашообузда кеңири колдонулуп келүүдө. Сандыкта эмне Бар? (Башында өчүргүчү бар карандаш.)

7. Көнүл буруңуз! Сырдуу сандык!Сырдуу сандыктын ичиндеги нерсени 1280-жылы флоренциялык Сальвино Армати ойлоп тапкан. Бул буюмду азыркы күндө да жаш-кары, аял-эркек дебей бардыгы  жакшы көруп колдонушат.  Сырдуу сандыкта Эмне бар? (көз айнек.)

8. Көнүл буруңуз! Сырдуу сандык!Жыл сайын “Книга рекордов Гиннеса” аттуу китеп чыгып турат. Сырдуу сандыктагы буюм бул китепке жер шарында эң көп керектелүүчү буюм катары кирген. Демек, сандыкта эмне бар?( Пластикалык пакет же целлофан.АКШда бир жылда эле андан 100 миллиард керектелет экен)

9. Көнүл буруңуз! Сырдуу сандык! Сырдуу сандыктын ичинде төмөнкү монологдун ээси катылган: “Мен көптөгөн адамдарга керектүү, а бирок көмускөдө эле жүргөн  кичинекей беш бурчтуу деталмын. Адамдар мененжүзүмдү көрүшпөсө да, ар күнү менин жардамыма муктаж болушат, Кызыгы, менин жеке өзүмө таандык нерсемди көпчүлүк адамдарга беришет, себеби аларда да менин бир туугандарым бар.” Сандыкта эмне бар? (симкарта.)

**6-тур “ 4 сурөт 1 жооп”(экранга чыгаруу)**

Жооптор:

1. Лира

2. театр

3. клоун

4. мода

5. унифрма

6. газировка

7. коркунуч

8. туризм